КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 28-августу** **Кызыл-Октябрь айылы**

**Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 32-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги 4-сессиясынын**

# №2 Т О К Т О М У

**"Лидер" атуулдук демилгелер борбору" коомдук бирикмесинин "Кыргызстандын региондорундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү" долбоорунун алкагында түзүлгөн Кара-Коюн кичи коругунун демилгелүү тобунун иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №554 "Жергиликтүү маанидеги микрокоруктарды жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүнүн жана алардын иштешинин тартиби" жөнүндө токтомуна ылайык"Лидер" атуулдук демилгелер борбору" коомдук бирикмесинин "Кыргызстандын региондорундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү" долбоорун Акназаров айыл аймагында ишке ашыруу максатында Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 32-чакырылыштагы депутаттарынын 2024-жылдын 28-августундагы кезектеги 4-сессиясы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Байдулатовдун маалыматын угуп, талкуулап **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №554 "Жергиликтүү маанидеги микрокоруктарды жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүнүн жана алардын иштешинин тартиби" жөнүндө токтомуна ылайык"Лидер" атуулдук демилгелер борбору" коомдук бирикмесинин "Кыргызстандын региондорундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү" долбоорунун алкагында түзүлгөн " Кара-Коюн " кичи коругунун демилгелүү тобунун иш планы бекитилсин.

2.Кара-Коюн кичи коругунун инфратүзүмүн өнүктүрүү боюнча түзүлгөн иш планы Акназаров айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык экономикалык өнүктүрүү планына (ПСЭР) киргизилсин.

3.Токтомдун актарылышын камсыз кылуу " Кара-Коюн" кичи коругунун демилгелүү тобунун башчысы К.Акматбековго милдеттендирилсин.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Коккозовго тапшырылсын.

**Төрага** **К.Жорготаев**